# ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН КАТТООНУН ДМИНСТРАТИВДИК-УКУКТУК ПРОЦЕДУРАЛАРЫН МЫЙЗАМДУУ ЖӨНГӨ АЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**АБДЫБЕКОВ А.**
**ualibrary@mail.ru**

***Аннотация***: *Макалада транспорт каражаттарынын административдик-укуктук мыйзамдуу жөнгө салуунун көйгөйлөрү каралат. Транспорт каражаттары мамлекеттик каттоонун милдеттүү объектиси болуп саналат жана мында укуктук жактан кийлигишүүнү талап кылуучу көйгөйлөрдөн болоору айкын.*

***Annotation****: This paper discusses the problems of legal regulation of administrative - legal procedures for registration of vehicles. Vehicles are subject to compulsory state registration and thus identified a number of issues that require legal intervention.*

Бизге белгилүү болгондой, жеке жарандардын жана мекемелердин жеке менчигиндеги транспорт каражаттарынын саны Кыргызстанда жыл сайын өсүүдө. Ага өлкөнүн авторыноктогу жогорку товар айландыруусу себеп .Ошол эле учурда Казакстан жана Орто Азиянын территориясындагы Кыргызстандын эң чоң авторыногу башка өлкөлөрдөн – негизинен Европа, АКШ, Оруссия жана Япониядагы уурдалган автомобилдерди өткөрүүнүн туруктуу базарына айланып жатат. Уурдалган машиналарды жашыруу жана кийинчерээк колдонууга жеңилдетүүлөрдүн чоң мүмкүнчүлүктөрү укук коргоо органдарынын транспорт каражаттарын мыйзамсыз айландырууга жол бербөө ишмердүүлүгүнүн жетишсиздигинин натыйжасында колдон-колго, ошондой эле автосалон аркылуу сатылган транспорт каражаттарынын көпчүлүгү уурдалган машиналар. Ниети бузуктардын колунан номерлик агрегаттардын маркировкалары өзгөртүлүп, баарыдан мурда транспорт каражаттарынын паспорттору жасалып, ошондой эле мамлекеттик органдардан уурдалган бланкаларды колдонуу менен документтер жасалат.

Укук коргоо органдары уурдалган машиналардын айландыруунун көбөйүүсү менен күрөшүүсү керек экени шексиз, бирок бизге көнүмүшкө айланып бараткандай эле бул күрөштүн объектисине машинаны уурдап, анын номерлик агрегатынын маркировкасын өзгөртүп ошол машиналарды саткан кылмышкерлер эмес, ошол машиналарды сатып алган жарандар айланат. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу ченемдик укуктук актылардын регламентациясында ушундай мыйзамсыз кыймыл-аракеттерди токтотуу маселесинин актуалдуулугу турат.

Транспорт каражаттарын айландыруу процессин жөнгө салуу тармагындагы натыйжалуу мыйзамдуу базасы укук колдонуудагы курч маселени чечмек. Уполномочиелик кызмат абалындагы тараптар кабыл алган укук колдонуунун натыйжасынын бири экендигин белгилөө зарыл. Каралып жаткан тармакта укук колдонуу практикасы жөнгө салуу предметине ылайык административдик-процессуалдык жарандык, кылмыштык жана башка укук тармактарынын түрдүү институттардын жана ченемдик укук актыларынын бириндеген мүнөзүнө байланыштуу анын натыйжасыз экендигин көрсөттү. Ошон үчүн бүгүнкү күндө транспорт каражатынын айлануусун жөнгө салуу көптөгөн мыйзамдык жана башка ченемдик актылардын бир канча саны жарандарды жана чет өлкөлүктөрдү гана эмес, ошондой эле көп учурда укук колдонуучулар үчүн да транспорт каражаттарын каттоо жана колдонуу процедурасын кылдаттык менен мамлекеттик жөнгө салуу оорчулук жаратат. Авто мото транспорт каражаттары сферасында кожоюн көзөмөлдөөчү органдарынын кыймыл-аракетинин укуктун ар түрдүү тармактарына ылайык жыйырмадан ашык мыйзам, ереже, инструкция, токтомдор жөнгө салып турат. Кыргыз Республикасынын Админстративдик жоопкерчилик Кодексинде «транспорттук каражат» деген түшүнүк жок. Ошого байланыштуу каралып жаткан сферадагы админстративдик укуктук мамилени жөнгө салуу натыйжасыз болушу мүмкүн. Албетте, административдик-укуктук ченемдердин жана административдик-укуктук булактардын көп түрдүүлүгүн системалаштыруу жана бир системага келтирүү маселеси курч коюлушу керек[i] деген Ю.М.Козловдун пикирине кошулуубуз зарыл. Деги эле, укуктук практика көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын административдик мыйзамы укук системасынын хаостук тармагынын катарына кирет. Ошон үчүн дайыма аны колдонуудагы алып келген туруксуз мүнөзү өзгөртүүнү жана кошумчалоону талап кылат. Бул планда КРнын мыйзам чыгаруучуларына поссоветтик мамлекеттерде сунушталып жаткан Жол кыймылы жөнүндөгү

Кодекстин анологиясы боюнча жол кыймылы сферасындагы системага салынган укуктук актыны түзүүнү сунуштаса болот эле. Бул өз кезегинде жол кыймылы субъектилерине чачыранды тармактык актыларды колдонууда артыкчылык бермек. Анын үстүнө укук колдонуучу укук тармагында берилген транпорт каражатына байланыштуу так ушул терминди колдонот. Транспорт каражаттарына ар кандай түшүндүрмө берген жалпы түшүнүктүү термин жок. Ошондуктан биринчи кезекте жалпы укуктуу «транспорт каражаттары» деген терминди киргизүү керек. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу административдик жоопкерчилик Кодексинин YI бөлүмүндө берилген «административдик жоопкерчилик кодексиндеги колдонулган түшүнүк» кийинки редакцияда «транспорттук каражат- 50 куб\см жогорку жумушчу көлөмү менен же саатына 50 кмдан жогору максималдык конструктивдик ылдамдыктагы, же белгилүү бир мааниден жогорку кубаттуулукту транспорттук каражат.»деген түшүнүк менен толуктоо керек. Берилген түшүнүктү укук мамилесин жөнгө салып жаткан башка укуктук актыларга киргизүү зарыл.

Башка транспорттук каражат терминине салыштырмалуу транспорттук каражаттын кубаттуулугун да кошобуз. Бизге белгилүү болгондой, техникалык каражаттардын классификациясынын негизине эки техникалык параметрдин жыйындысы алынган - кыймылдаткычтын көлөмү жана максималдуу конструктивдик ылдамдык. Бул параметрлер иштин негизин толугу менен чагылдырбайт. Биз Воронов Д.П. жана Д.В.Попандопуллонун[ii] транспорт каражаттарынын классификациясынын негизине үчүнчү параметрди –кубаттуулукту киргизүү сунушуна кошулабыз.Анын үстүнө үч параметр тең бири-бирине көз карандысыз колдонулушу керек. Транспорттук каражаттын биз сунуштаган транспорттук каражаттын терминине белгиленген лимиттин бирөөсүнөн гана ашыруу аны тийиштүү түрдө мамлекеттик каттоодон маркировкадан өтүүчү транспорт каражаттарынын категориясына өтөт. Ушуну менен биз КР КК 281-беренесиндеги «Жол эрежесин бузуу жана транспорт каражатын эксплуатациялоону» эскертүүнү «Транспорт каражаты деп жумушчу көлөмү 50 куб\см дан ашык же максималдык конструктивдик ылдамдыгы саатына 50 кмден жогору же кубаттуулугу белгилүү деген мааниден жогору (автомобилдердин баардык түрлөрү, троллейбустар, тракторлор жана башка өзү жүрүүчү машиналар, мотоциклдер, ошондой эле механикалык транспорт каражаттары)»деп редакциялоону сунуштайбыз.

Транспорт каражаты деген түшүнүктү туура түшүндүрүү үчүн биз укуктун башка тармактарына кайрылабыз. Эффективдүү изилдөө үчүн транспорт каражаттарынын каттоо жана маркировкалоо процессинин маңызын түшүнүү эсептелет. Оруссиялык окумуштуулардын транспорт каражаттарын каттоо жана маркировкалоо технологияларынын негиздерин изилдөө учурунда айрым бир кемчиликтер чыккан.[iii] Чыгарылган кемчиликтер Кыргыз Республикасында да актуалдуу. Чыгарылган кемчиликтерди жокко чыгаруу үчүн азыркы учурдагы идентификациялык маркировкалардын, аларды коюу ыкмаларынын жана орундарынын көп түрдүүлүгүн четке кагуу зарыл. Бул максатта уюштуруу жана техникалык иш-чараларынын комплексин өткөрүү керек, тагыраак айтканда бардык даярдоо ишканаларына эл аралык талаптарга жооп берген стандарт киргизүү керек; идентификациялык маркировкаларды коюуда каталарды четке кагуу керек;транспорт каражаттарынын маркировкалоодо эл аралык бирдей стандартты иштеп чыгуу жана кабыл алуу иштерин улантууну талап кылат.

Укук коргоо органдары уурдалган транспорттук каражаттарынын оборотунун кеңейиши менен дайыма күрөшүүсү зарыл, бирок көнүмүшкө айлангандай эле автомобилдерди уурдап алардын номердик агреттарынын маркировкасын өзгөртүп жана аларды жарандарга саткан кылмышкерлер эмес, ошондой автомобилдерди сатып алган жарандар бул күрөштүн объектиси болуп калат.

Буга байланыштуу биздин оюбузча, укук мамилесинин сферасында каралып жаткан административдик укук процедураларына байланыштуу мыйзам чыгаруу көйгөйлөрүн дагы бир ирет карап чыгуу керек. Укуктук ченемдерде укук коргоо органдары жана ГУБДД органдары автотранспорттук каражаттын номердик агрегаттын маркировкасынын өзгөртүлгөндүгүн байкап калуусунда белгилүү бир аракеттер аткарылат. Көп учурда маркировканын өзгөртүлгөнү транспорт каражаттарын учетко коюуда же учеттон чыгарууда ГУБДДнын экзамендик-каттоо бөлүмчөлөрү кармашат. Ушул каттоо аракеттерин аткарууда милдеттүү түрдө факты жүзүндөгү берилген автотранспорттук каражаттын агрегаттарынын номери менен автомобилди чыгарган, бажы органдары жана ГУБДД органдары берген транспорт каражатынын паспортундагы номерлерге салыштыруу менен коштолот. Кез-кезде маркировканын өзгөртүлгөндүгү транспорт каражаттарын мамлекеттик техникалык кароодон өткөрүүдө же транспорт каражатын ГУБДДнын жол кайгуулдары кызматы кароодо (көпчүлүк учурда станционардык посттордон, уурдалганга шектүү

учурда) чыгышы мүмкүн. Бул жерден Кыргызстандагы милдеттүү түрдөгү мамлекеттик техникалык кароодон баш тартуусу укукту реализациялоодо ар кандай реакцияларга алып келгенин айта кетүү керек. Бир жагынан техникалык кароодон баш тартуу- бул сферадагы өзүнүн көрсөткүчтөрүн төмөндөтүп, коррупциянын өсүшүнө таасир этти, экинчи жагынан криминалдык транспорттук каражаттардын жана техникалык көрсөткүчтөрү менен туура келбеген транспорт каражаттарын мыйзамсыз колдонуунун саны өсүүдө.

Маркировканын өзгөртүлгөнү байкалгандан кийин транспорттук каражат анын документтери жана ээси алдын ала изилдөө органдарына өткөрүлүп берилет, алар КРнын Кылмыш-процессуалдык Кодексинде бекитилген  Кыргыз Республикасынын Кылмыш Кодексинин 281- беренесинде каралгандай кылмыш жөнүндөгү маалыматты текшеришет. Транспорт каражатынын ээси суракка алынат, ал эми транспорт каражаты кароодон өткөрүлөт, транспорт каражатынын паспорту алынып агрегаттардын номерине, транспорт каражаттарынын паспортуна, эгер транспорт каражаты боелгондугу шектүү болсо, ошондой эле сырдын бетине дагы криминалистикалык экспертиза дайындалат. Транспорт каражатына паспорт берген органдарына, буга чейинки транспорт каражатын каттоо бөлүмдөрүнө, керек болсо бажы органдарына да сурак жөнөтүлөт. Андан тышкары транспорт каражатын чет өлкөдө издөөдө турган фактысын аныкташ үчүн, Интерполдун территориялык бөлүмчөлөрүнө да сурак жөнөтүлөт. Транспорттук каражат ээсине берилип, текшерүү учуруна убактылуу  учетко отургузулуп, каттоо жөнүндөгү ээсине берилген күбөлүккө белги коюлат.

Болжолдуу текшерүүнүн узактыгына жана оперативдүү издөө иш-чараларынын мүнөзүнө жана изилдөө иштерине жараша текшерүү КРнын Кылмыш –процессуалдык Кодексинин 165- беренесинин чегинде өткөрүлөт же КРнын Кылмыш Кодексинин 281-беренсинде каралгандай аныкталбаган кишиге кылмыш иши козголот.

Мындан аркы окуянын өнүгүшү ар кандай жагдайларга байланыштуу. Бирок көп учурда маркировканы өзгөртүү фактысы же транспорт каражатынын паспортунун мазмунун жөнөкөй шартта автотехникалык экспертизанын бүтүмүн бекитет , андан кийин тергөөчү ээсине карата болгон кылмыш  ишине катышпагандыгына байланыштуу кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечимин чыгарат же ушул сыяктуу негиздер менен кылмыш ишин токтотуу чечимин чыгарат же кылмышка жооп тартуучу тараптын аныкталбаганына байланыштуу кылмыш ишин убактылуу токтотуу чечимин чыгарат.

Ошону менен убактылуу каттоонун мөөнөтүнүн өтүшү менен, транспорт каражатынын ээси мындай кырдаалда калышы мүмкүн - ал автомобилдин ээси болуп кала берет, автомобилди жана аны сатып алган  келишимди эч ким талаша албайт, бирок ал транспорт каражатын толугу менен колдоно албайт, анткени КР Мыйзамынын 18-беренесине ылайык «Кыргыз Республикасынын жол кыймылы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын территориясындагы жол кыймылына ылайыкталган транспорт каражаттарын ,КР мыйзамына ылайык транспорт каражатын каттоо жана ага ылайык документтерин берүүдөн кийин колдонууга болот. Транспорт каражатын каттоодо каттоо бөлүмдөрү баш тартканда арызданууучулар чечимди талашуу үчүн же мамлекеттик бийлик органдарынын аракетине, аракетсиз кыймылдарына арыз менен КРнын ЖПКсынын 26-главасына ылайык сотко кайрылат. КРнын ЖПКсынын 259-беренесине ылайык андай кайрылуу үчүн чечим талашып жаткан жарандын эркин жана укугун бузуу себеп болот. Ошону менен бирге Россия Федерациясынын 260-беренесине ылайык  мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, кызматкерлерине мамлекеттик жана муниципиалдык жумушчуларынын аракетинин (аракетсиз кыймылдарынын) чечимин талашуусу жарандык сот өндүрүшү жарандын эркинин жана укугунун бузулушунун натыйжасындагы коллегиялдык же жеке чечиминин жана аракетинин (аракетсиздигин);жарандын эркиндигин жана укуктуулугун ишке ашыруудагы жаралган тоскоолдуктар; жаранга  кандайдыр бир мыйзамсыз милдеттенме тагып же аны мыйзамсыз жоопкерчиликке  тартуусу кирет.

Транпорт каражатын каттоодон баш тартууда жарандын жеке менчик укугунун бузулгандыгы талашсыз. КРнын ЖКсынын 222-беренесинин 2-пунктуна ылайык менчик ээси өзүнүн мүлкүн колдонуу жана бирөөнүн карамагына берүү укуктарына ээ. Катталбаган транспорт каражатын жаран колдоно албайт  же башкача айтканда, аны өз ыгы менен колдонуп пайда ала албайт.Анткени КРнын мыйзамынын 18-беренесиндеги Кыргыз Республикасынын «жол кыймылы» жөнүндөгү пунктуна ылайык катталбаган транспорт каражатына  жолдо жүрүүгө уруксаат берилбейт. Белгиленген тартип боюнча катталбаган транспорт каражатын пайдалануу КРнын Административдик жоопкерчилик кодексинин 224-беренесине ылайык административдик жоопкерчиликке тартылат.

Бирок автор байкагандай (сот практикасы муну тастыктайт), бул кырдаалда каттоо органдарынын чечимин талашуу  пайдасыз, анткени бул чечим мыйзамдык мүнөзгө ээ болуп милдеттүү мыйзам алдындагы актыларды колдонуунун негизинде чыгарылат.

Ошентип, каттоодон баш тартууну даттанууда  биринчи маркировканы өзгөртүүнүн издери табылгандан кийин каттоодон баш тарткандыгы мыйзамдуу болсо, кийин кылмыш иши козголбосо каттоодон баш тартуу туура эмес кырдаалды көрсөтүүсү эң эле туура болот.

Практикада колдонулуп жаткан бузулган укукту калыбына келтирүү транспорт каражатынын ээсинин чындыгында сатып алгандыгын мойнуна алуусу. Бирок, доо бир нече себеп менен негизсиз болуп калат.

Адегенде иштеп жаткан жарандык мыйзамдын түшүнүгүндө чыныгы сатып алуучу ким экендигин чечип алуу зарыл. Бул терминдин мазмуну КРнын ЖКсынын 291-беренесинин 1 пунктунда каймана айтылган. Мүлк сата албаган тараптан  сатып алуучу (чыныгы сатып алуучу) билбей же биле албай сатып алган болсо анда мүлктүн ээси  эгер мүлк ээси тараптан же ал башка бирөөгө ишенип берилип, сата албай турган тараптан жоголгон болсо сатып алуучудан кайтарууну талап кыла алат. Чыныгы сатып алуучунун сатып алган мүлк боюнча келишими жараксыз деп эсептелинет же башка учурда чыныгы сатып алуучунун фигурасы такыр эле чыкпайт. Анткени, сатып алуучу ээси болуп калат. Ошону менен маркировкасы өзгөртүлгөн автотранспорт каражатынын сатып алуучусу чыныгы сатып алуучу деп эсептелинбейт. Анткени, автомобиль сатып алуу келишими анык болуп саналгандыгынын себеби, номерлик агрегаттын маркировкасы өзгөртүлгөн транспорттук каражаттарды сата албаганына мыйзамдык тыюу жоктугуна байланыштуу.

Жогоруда айтылгандардан улам, чыныгы сатып алуучу статусун талап кылган жөн гана туура эмес болбостон, ошондой эле сатып алуучу үчүн коркунуч жаратат, анткени өзүн чыныгы сатып алуучумун деп атаганы менен арызданууучу ээсимин деген статустан таптакыр баш тартып жатат.Ошону менен бирге ал мүлктү сатып алуу келишиминин аныктыгын шекке салып жатат.

Ошону менен жогорууда айтылган анализ менен автотранспорттук мыйзамсыз обороту менен күрөшүүдө иштеп жаткан мыйзамдан кээ бир нерселерди белгилей кеткибиз келди:

1. Номерлик агрегаттардын маркировкасы өзгөртүлгөн же укуктуулугун тастыктаган документтери жасалма болгон  автотранспорттук каражаттарды легалдаштыруу боюнча реалдуу иштеген юридикалык механизм жок. Реалдуу иштөөчү механизм деп автор  ушул сыяктуу транспорттук каражаттарды каттоо органдары тарабына учетко сот органдарынын кошулуусу жок эле коюуга боло турган укук ченемдерин түшүнөт.
2. Номерлик агрегаттардын маркировкасы өзгөртүлгөн транспорттук каражаттардын легалдаштыруу боюнча маселесиндеги бирдей практиканын жоктугуна байланыштуу, азыркы учурда жарандык обороттон мындай транспорттук каражаттардан факты жүзүндө баш тартууга алып келип жатат.  КРнын ЖКсынын 23-беренесинин 2- пунктунда оборотто орду жок (обороттон алынган объектилер) жарандык укуктардын объектилеринин түрлөрү мыйзамда так көрсөтүлүшү керектиги белгиленген. Изилдөө учурунда объекттерди обороттон алып алып салуу мыйзам алдындагы актылардын- Кыргыз Республикасынын Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун негизинде аткарылат.

Биздин оюбузча, азыркы учурда болуп жаткан айласыз кырдаалдан чыгуу үчүн маркировкасы өзгөртүлгөн транспорт каражаттарынын ошол көйгөйлөрүн каттоо Эрежесине керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүүдө бир тараптуу мыйзамдуу кийлигишүү жолу менен гана чечүүгө мүмкүн.

---

[i] Алехин А.П.Кармолицкий А.А.,Козлов Ю.М. Указ.соч.С49.

[ii] Воронов Д.П.,Попандопулло Д.В.Предупреждение и раскрытие краж и угонов транспортных средств:Лекция.Ростов-на Дону РЮИ МВД Росси,2002,ст23.

[iii] Кара□ыз:Лесных ,А.В. Расследование подделки или уничтожения идентификационного номера транспортного средства:Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган канд.дисс. авторефераты.Краснодар,2001,;Митричев Л.С.Нагайцев А.А.Пушнов А.В. жана башкалар.Исследование маркировочных данных автотранспортных средств. Окуу куралы.М.:ВНИИ МВД СССР,1990.